Генерал С.Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим берүү орто мектебинин ата-энелер чогулушунун токтому

22-сентябрь 2021-ж.

Күн тартиби:

1. 2021-2022-окуу жылынын окуу жана тарбиялык иштеринин планы менен тааныштыруу.
2. Жалпы ата-энелер комитетинин торагасын шайлоо.
3. 2021-2022-окуу жылындагы ата-энелер менен иштөө планын бекитүү
4. Мектептин МТБсын чыңдоо боюнча маалымат берүү.

Сүйлөгөндөр: мектептин мүдүрү Т.А. Мамышова- 2021-2022-окуу жылындагы алдыга коюлган окуу- тарбиялык иштердин максаттары менен тааныштырды.
Быйылкы 2021-2022-окуу жылынджа мектепте окуу кадимки режимде 15-сентябрда башталды. Мектепте жалпысынган 451 окуучу окуйт. Бардыгы 17 класс-комплект. Кыргыз тилинде окутуу 12 класста, орус тилинде окутуу 5 класста жүргүзүлөт.
480 сааттык "Наристе" программасында орус жана кыргыз класстары ачылды. Мектепте орус класстары жаңы ачылгандыктан орус тилиндеги окуу китептери жетишсиз. Окуу китептери ата-энелер тарабынан камсыздалат.
Быйылкы 2021-2022 –окуу жылында Байгелди айылында жаңы салынган мектеп ачылгандыгына байланыштуу, Байгелди жана Кайырмадан келген 80 окуучу Байгелди мектебине которулду.
Азыркы учурда мектепт 30 мугалим эмгектенип жатат. 29 мугалим жогорку билимдүү, 1 мугалим атайын орто билимдүү. Бардык предметтер боюнча мугалимдер жетиштүү.

2. 2020-2021-окуу жылынын аягында мектептин жалпы ата-энелер комитетинин төрайымы Табытаева Д. Ден соолугуна байланыштуу өзүнүн каалоосу менен бошонуу боюнча арыз жазган. Ошщого байланыштуу быйылкы жаңы 2021-2022-окуу жылына карата жалпы ата-энелер комитетинин төрагасын шайлап берүү жөнүндө сунуш киргизем.
Сүйлодү: Джээналиев Б. Урматтуу мугалимдер, жаш жеткинчектерге билим жана тарбия берүү өтө татаал жана жоопкерчиликтүү иш. Ата-энелер тарабынан да сиздерге жардам көрсөтүү керек. Ошондуктан бардыгыбыз бирге жоопкерчиликтүү, билимдүү ата-энелердин арасынан ата-энелер комтетинин төрагасын шайлап берели.
Сүйлөдү: Шайыков Т. Менин оюмча, мектеп менен тыгыз байланышта болуп, көйгөйлүү маселелерди чечип бере алган, калыс, адилеттүү адамды ______________________________ сунуштайм.

Сүйлөдү: Исакова Гулиза. Сиз туура сунуш киргиздиңиз. Мен да колдойт элем. Бардыгыбыз биргеликте Джаныбаева Назираны колдоп , шайлап берели.

3. Ата-энелер 2021-2022-окуу жылынын ата-энелердин иш планы менен тааныштырылды. 2021-2022-окуу жылынын ата-энелер менен иш планы бекитилди.

4. Мектептин мүдүрү Т.А. Мамышова сүйлөдү: 2020-2021-окуу жылында мектептин МТБсын чыңдоо боюнча жергиликтүү озүн-өзү башкаруу бийлиги тарабынан жылдагыдай эле жардамдар көрсөтүлүп келет.
Мектепте башталгыч класстын 232 окуучусу Мерсико уюму тарабынан жана мамлекет тарабынан ысык тамак менен камсыздалган. Ошого байланыштуу ашканага ар кандай ашкана буюмдары жана башка каражаттар керектелет. Байтик айыл окмөтү тарабынан идиш- аяктар, жуучу каражаттар ж.б. буюмдар тендер аркылуу берилет.
Андан сырткары окуу жылынын аягында мектепти кайрадан ондоп түзөөдөн өткөрүү үчүн 50 000 сом өлчөмүндө сырдоочу каражаттар берилди. Мектептин 1984-жылкы 20 жылдык бүтүрүүчүлөрү жолугушуу кечесине келип, өзсалымдарын кошту. Мектептин тегерегин 200 метр аралыгын тор тнмир зым менен тосуп беришти. Тегеректи курчоого 100 өлчөмүндө акча каражат сарпталды. Чүй областык өнүктүрүү фондусуна проект жазып, мектептин чатыры толугу менен алмаштырылды. Чатырды алмаштырууда 2 600 000 сом өлчөмүндө акча каражаты сарпталды. Мектептин тегерегине Чүй областык жашылдандыруу боюнча проектин негизинде 100 түп алма бак отургузулду.

Ч е ч и м :

1. 2021-2022-окуу жылынын окуу жана тарбиялык иштердин планы ата-энелер тарабынан жактырылсын.
2. 2021-2022-окуу жылынын жалпы ата-энелер комитетинин төрайымы болуп Джаныбаева Назира бир добуштан шайлансын.
3. 2021-2022-окуу жылынын ата-энелер менен иштөө планы бекитилсин.
4. Мектептин МТБсын жакшыртуу максатында мектепти капиталдык жактан ондоп түзөөдөн өткорүү үчүн мамлекеттик дем берүүчү фондуна проект жазылсын.

Мектеп директору: Мамышова Т.А.
Катчы: Шаршенова Г.С.